***Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

***Баткен-2020***

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Насиров М.Ж.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2020-жылдын январь айындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2020-жылдын 12-февралы.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

***М А З М У Н У***


***I*** ***Облустун социалдык -экономикалык абалы………………………… 4***

***II*** ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр………………… 5***

***III*** ***Сектордук обзор………………………………………………………… 6***

***Реалдуу сектор………………………………………………………… 6***

Өнөр жайы…………………………………………………………… 6

Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. 7

Капиталдык салым…………………………………………………... 7

Транспорт жана байланыш………………………………………….. 8

Тейлөө рыногу……………………………………………………….. 8

Керектөө рыногу…………………………………………………….... 8

Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… 9

Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… 10

Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. 11

***IV*** ***Мамлекеттик сектор…………….……………………………………… 13***

Финансы……………………………………………………………. 13

***V*** ***Тышкы сектор…………………………………………………………...*** 13

Экспорт………………………………………………………………… 13

Импорт………………………………………………………………… *13*

***VI*** ***Социалдык сектор……………………………………………………...*** *14*

Турак жай курулушу………………………………………………..... 14

Демографиялык жагдай……………………………………………. 14

Калктын оорулары.......................................................................... 14

***Тиркеме……………………………………………………………………. 16***

## *ОБЛУСТУН 2020- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ АЙЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2020-жылдын январь айында 235161,0 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 94,5 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2020-жылдын январь айында 564,7 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,3 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь айында 26397,3 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 77,4 пайызды түздү.

2020-жылдын январь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 1384,0 чарчы метр болгон 13 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь айынын денгээлине салыштырмалуу 49,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 13750,0 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь айында 102,5 миң тонна жүк ташылып, 2020-жылдын январь айына салыштырмалуу 100,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 20992,9 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,2 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь айында 1213944,6 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь айынын денгээлинен 8,4 пайызга жогорулаган.

2020-жылдын январь айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 1014079,4 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2019-жылдын январь айынын деңгээлинен 2,7 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь айында 199865,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 108,4 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь айын өткөн жылдын январь айына салыштырганда 106,3 пайызды, ал эми ушул жылдын январь айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 100,1 пайызды түздү.

Облус боюнча 2019-жылдын январь-декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 11951,4 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 5,7 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь айында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу кургак учук, бактериялуу дизентария, жаныбарлардын тиштеп алуусунун төмөндөшү жана өткүр респиративдүү оорулардын, вирустуу гепатит, бруцеллез, котур, педикулез ооруларынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2020 ж. январь айында | 2020ж январь айы 2019ж январь айына карата пайыз менен | 2020-жылдын январь айы 2019-жылдын январь айына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 235161,0 | 94,5 | 94,5 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 564,7 | 100,3 | 100,3 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 26397,3 | 77,4 | 77,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 1384,0 | 49,4 | 49,4 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 102,5 | 100,4 | 100,4 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 20992,9 | 101,2 | 101,2 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү- бардыгы, миң сом | 1213944,6 | 108,4 | 108,4 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 1014079,4 | 102,7 | 102,7 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 199865,2 | 108,4 | 108,4 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 15394,7 [1)] | 107,9 [2)] | 105,7 [3)] |

***[1)] 2019ж.декабрь***
***[2)] 2019ж. декабрь***
***[3)] 2019ж. январь-декабрь***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

***Өнөр жайы.*** Облус боюнча 2020-жылдын январь айында 235161,0 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 94,5 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 78357,5 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 33,3 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 52403,8 миң сомду же 22,3 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 97950,2 миң сомду же 41,7 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 6449,5 миң сомду же 2,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь айында 52403,8 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 48,0 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь айында 22418,3 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 44,8 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Сүлүктү шаары 3228,7 тоннага көп, ал эми Баткен району 160,4 тоннага аз казып алган. Кадамжай району боюнча январь айында көмүр казып алынган жок.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 78357,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 111,5 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 42131,4 миң сомду (көлөмдүн 53,8 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 2984,0 миң сомду (көлөмдүн 3,8 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 2259,3 миң сомду (көлөмдүн 2,9 пайызын), химия өндүрүшү 9864,3 миң сомду (көлөмдүн 12,6 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 10328,7 миң сомду (көлөмдүн 13,2 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 3106,5 миң сомду (3,9 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 7683,3 миң сомду (9,8 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын январь-декабрь айына салыштырмалуу 113,5 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 2,6 пайызга, жаңы бышкан нан 0,1 пайызга, иштетилбеген мунайзат 30,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 1,1 пайызга, эт азыктары 78,1 пайызга, балмуздак 25,0 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 21,3 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 2,8 пайызга, сымап үндүрүү 44,4 пайызга, кондитердик азыктар 3,1 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 5,2 пайызга өскөн. Ал эми өсүмдүк майын өндүрүү 4,1 пайызга, таш көмүр өндүрүү 55,2 пайызга, тазартылган күрүч 12,2 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 38,9 пайызга төмөндөгөн.

*2020-жылдын январь айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 2984,0 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 82,4 пайызды, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 9864,3 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 144,4 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь айында 3106,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь айына салыштырганда 123,0 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь* айында 97950,2 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 121,3 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 6449,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 118,7 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***<u>Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.</u>*** 2020-жылдын январь айында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 564,7 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,3 пайызды түздү**.**

Үстүбүздөгү жылдын январь айында 2325,0 тонна эт, 4877,6 тонна сүт, 501,4 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,3 пайызга, сүт өндүрүү 0,3 пайызга, жумуртка өндүрүү 0,4 пайызга пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 0,2, Лейлек районунда 0,6, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 2,3 пайызга өскөн. Ал эми Кадамжай районунда жана Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,1, Лейлек районунда 0,5, Сүлүктү шаарында 1,1 пайызга жогорулаган. Ал эми Кадамжай районунда, Баткен жана Кызыл-Кыя шаарларында сүт өндүрүү өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Лейлек району 0,9 пайызга, Кызыл-Кыя шаары 0,2, Сүлүктү шаары 4,6 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен району, Кадамжай району жана Баткен шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

***<u>Капиталдык салым.</u>*** 2020-жылдын январь айында 26397,3 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2020-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 77,4 пайызга барабар болду. Капиталдык салымдар Кадамжай районунда 11,0 эсеге өсүү болду. Ал эми Баткен шаарында 76,5, Лейлек районунда 60,8, пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 98,9 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***__Транспорт жана байланыш.__*** 2020-жылдын январь айында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 102,5 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү.

2020-жылдын январь айында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 881,9 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 20992,9 миң жүргүнчү-км түздү (2019-жылдын январь айына салыштырмалуу 101,2 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2020-жылдын январь айында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***__Тейлөө рыногу.__*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь айында 1213944,6 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь айынын денгээлине салыштырмалуу 8,4 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 1200193,0 миң сом болуп 8,7 пайызга жогорулаган.

***__Керектөө рыногу__***. Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь айында 932620,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,3 пайызга жогорулаган.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 530594,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,3 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 56,9 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь айында 1014079,4 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,7 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь айында 5640,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,6 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь айында 377661,9 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 13,4 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (78,8 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь айында 799367,9 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 7,5 пайызга жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын январь айында 199865,2 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 108,4 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2020-жылдын 1-февралына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13812 адамды түздү, анын ичинен 11071 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 41 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2020-жылдын 1-февралына карата 443 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 31 адам туура келди.

Облус боюнча 2019-жылдын январь-декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 11951,4 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 5,7 пайызга өскөн. Облус боюнча 2019-жылдын декабрь айында бир айлык орточо эмгек акы 15394,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 7,9 пайызга өскөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу айыл чарбасы, балыкчылык жана токой чарбасы, тоо кен казуу өнөр жайы, кайра иштетүү өнөр жайы, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, соода автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздоо, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактарында өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2019-жылдын ноябрь айында 220,5 долларды түздү.

2020-жылдын 1-февралына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 30963,8 миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 86,1 пайызын Кадамжай району, 13,9 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 100,6 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 102,0 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 97,0 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2020 жылдын январь айында өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 102,9 пайызды түздү. Ал эми 2020 жылдын январь айы өткөн жылдын январь айына салыштырмалуу 102,9 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 106,3 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын январь айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 100,1 пайызды түздү.

Ушул жылдын январь айында өткөн айга салыштырмалуу уйдун эти 1,8 пайызга, жумуртка 9,0 пайызга кымбаттаган. Ал эми жогорку сорт ун, 1-сорт ун, нан, макрон азыктары, койдун эти, сүт, күн карама майы өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,8 | 100,0 | 100,0 | 109,0 | 100,0 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу пияз 5,7 пайызга, картошка 3,9 пайызга, сабиз 7,3 пайызга, алма 13,9 пайызга, кургатылган өрүк 10,5 пайызга кымбаттаган. Ал эми грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,7 | 103,9 | 107,3 | 113,9 | 110,5 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын январь айында өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын баасынан кийимдер 1,2 пайызга, фармацефтикалык продукциялар 3,2 пайызга кымбаттаган. Ал эми турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,2 пайызга, катуу отун 6,1 пайызга, күйүүчү майлоочу материалдар 0,2 пайызга, бензин 0,4 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техникасы 0,1 пайызга, азык түлүк эмес товарлар 0,4 пайызга төмөндөгөн. Кийим тигүү үчүн материалдар, бут кийимдер, суу менен камсыз кылуу (муздак суу), газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2020ж. январы 2019ж. январына карата | 2020ж. январы 2019ж. декабрына карата |
|---|---|---|
| Кийим | 106,8 | 101,2 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 99,5 | 100,0 |
| Бут кийим | 105,4 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 102,4 | 99,8 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 114,1 | 93,9 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 92,6 | 99,8 |
| Бензин | 92,3 | 99,6 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 99,3 | 99,9 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 103,6 | 103,2 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 103,4 | 99,6 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын январь айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 2,6 пайызга төмөндөгөн. Ал эми мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөр, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр, байланыш тейлөөсү, билим берүү тейлөөсү, амбулаториялык тейлөөлөр, чач тарач тейлөөсү, укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2020ж. январы 2019ж. январына карата | 2020ж. январы 2019ж. декабрына карата |
|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 95,8 | 97,4 |
| Байланыш тейлөөсү | 98,8 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,6 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 106,4 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 96,8 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 109,6 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***<u>Финансы.</u>*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2019-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1094,2 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 105,2 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1215,4 млн. сомду түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 22,6 пайызга азайган, ал эми чыгашалар 9,7 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2019-жылдын январь-декабрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2019-жылдын январь-декабрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 577,1 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 22,8 пайызга өскөн. Патенттин негизиндеги салык 10,1 пайызга, жер салыгы 21,2 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 14,1 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 5,8 пайызга, киреше жана пайда салыгы 36,6 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 49,7 пайызга жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 18,9 пайызга пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 6,4 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 4,7 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2018-жылдын январь-декабрь айларында жалпы кирешенин 22,8 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2019-жылдын январь-декабрь айларында 19,5 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 55,6 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,8 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 9,0 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2019-жылдын январь-декабрь айларында 837,8 млн. сомду түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,9 пайызга өскөн. Чыгашалардын 40,5 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 44,3 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 28,8 пайызы билим берүү тармагына (241,5 млн. сом) жумшалган.

### *Тышкы сектор*

2019-жылдын январь-декабрь айларында Баткен облусу дүйнөнүн 30 мамлекети менен тышкы соода байланышында болду. Анын ичинде: 7 КМШ өлкөлөрү, 23 КМШдан тышкары өлкөлөр. Облустун тышкы соода жүгүртүүсү 2019 жылдын январь-декабрында 56932,0 миң АКШ долларын түзүп, 2018-жылдын тийштүү мезгилине салыштырмалуу 4,1 пайызга азайган. Соода балансасынын сальдосу терс болуп -2406,3 миң АКШ долларына барабар болду.

***Экспорт.*** 2019-жылдын январь-декабрь айларында экспорттун көлөмү 16534,6 миң АКШ долларын түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,1 пайызга азайган. Экспорттук товарлардын негизги керектөөчүлөрү КМШ өлкөлөрү менен Азия мамлекеттери болуп, алардын экспорттогу жалпы көлөмдөрү 80,9 жана 15,2 пайызга барабар болду. Облустун продукциясынын негизги керектөөчүлөрү болуп, КМШ өлкөлөрүнөн Өзбекстан (экспорттун жалпы көлөмүнөн 34,3 пайызы) жана Россия (37,5 пайызы) мамлекеттери эсептелет. КМШдан тышкары Европа мамлекеттерине жалпы көлөмдүн 3,6 пайызы, Азия мамлекеттерине 15,2 пайызы экспорттолду. Европа мамлекеттеринен Литва өлкөсүнө (жалпы көлөмдүн 2,0 пайызын түзөт), ал эми Азия мамлекеттеринен ОАЭ өлкөлөрүнө (4,4 пайызын), Турция мамлекетине (6,1 пайызын түзөт ) экспорт жүргүзүлдү.

Жалпы экспорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү 6697,5 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Россия 6193,342 миң АКШ долларын түзөт.

***Импорт.*** 2019-жылдын январь-декабрь айларында импорттун көлөмү 40397,4 миң АКШ долларын түзүп, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 15,5 пайызга өскөн. Ал эми импорттун салмагы КМШ өлкөлөрүнөн 85,2 пайызга, Азия мамлекеттеринен 11,4 пайызга жана Европа мамлекеттеринен 3,1 пайызга барабар болду. КМШ өлкөлөрүнүн импортунун негизги көлөмүн алып келүүчүлөр болуп Өзбекстан (импорттун жалпы көлөмүнүн 51,0 пайызын), Россия (17,4 пайызын), КМШдан тышкары Кытай мамлекетинен келген товарлар (жалпы импорттун 3,2 пайызын) түзгөн.

Жалпы импорттун ичинен ЕАЭБ өлкөлөрүнө импорттун көлөмү 11237,9 миң АКШ долларын түздү. Анын ичинен Россия 7021,4 миң АКШ долларын түзөт.

### Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2020-жылдын январь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 1384 чарчы метр болгон 13 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь айынын денгээлине салыштырмалуу 49,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 13750,0 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2019-жылдын январь-декабрь айында Баткен облусу боюнча 15480 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 598 балага көп), же калктын 1000 не 29,1 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 2357 адам өлгөн (2018-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,4 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 13123 адамды, же 1000 кишиге 24,7 түздү.

2019-жылдын январь-декабрь айында 235 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 15,2 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 51 балага көбөйгөн.




***Калктын оорулары***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* бактериялуу дизентерия менен 1 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 85,7 пайызга төмөндөгөн, бактериялуу минингит, салмонелез инфекциясы катталган эмес, ал эми ичегинин өткүр инфекциясы 0,1 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 167 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 56,1 пайызга өскөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 1 оорулуу катталып 75,0 пайызга, эпидемиялык паротит 87,5 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 3 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3эсеге, эхинококкоз оорусу 8 учурга көп катталган. Ал эми, жаныбарлардын тиштеп алуусу 40,5, аскаридоз 39,7 пайызга азайган.

*Паразитардык оорулардын* саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу педикулез ооруусу менен 4, котур ооруусу 10 учур көп катталган. Ал эми сифилис менен 1, гонорея менен 1 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 66,7 жана 75,0 пайызга төмөндөгөн. ВИЧ инфекциясы катталган эмес.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 3189 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 35,5, пайызга өскөн. кургак учук менен ооруган 22 адам катталып 15,4 пайызга азайган. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен районунда 37,5, Кадамжай районунда 42,9 пайызга төмөндөп, Лейлек районунда 4эсеге өскөн, Ал эми Кызыл-Кыя, Баткен шаарларында катталган эмес.

***Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***М. Насиров***

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү…………........................……….............. | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...........................................………............. | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү………………..………………………. | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………………......... | 19 |
| 7 | Айыл чарба малдарынын жана канаттуулардын саны 1-январь 2020-жылга карата...................................... | 20 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 21 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү……………………………….…………. | 21 |
| 10 | Подрядтык курулуш жана монтаждоо жумуштары...................................................................................... | 23 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык иштердин көлөмү……………………………. | 23 |
| 12 | Турак жай курулушунун аткарылышы........…………….......................................................………….............. | 23 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши …….……………………………………………… | 24 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………..…………………………. | 25 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү … | 25 |
| | Соода жана тейлөө | |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 26 |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............……….…....... | 26 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү………….…………………………………… | 27 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………………. | 27 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.... | 28 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо | 28 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)............................................................................................................................ | 29 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 29 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 30 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 30 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 31 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары……….. | 32 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары-декабрь……… | 33 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-декабрь | 33 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу……………………………………………………………………….. | 34 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны…………..……………………………………………… | 34 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 35 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| | Тышкы сектор | |
| 36 | Континеттер жана өлкөлөр боюнча экспорттун жана импорттун бөлүнүшү............................................…. | 37 |
| | Социалдык сектор | |
| 36 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү…………………..…………………………….. | 38 |
| 37 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы………………………………………… | 38 |
| 38 | Жаш балдардын өлүмү………………………………………………………………………………… | 38 |
| 39 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….…. …..……………………………………. | 38 |
| 40 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……….………………………………………………… | 39 |
| 41 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..……………………………………………… | 39 |
| 42 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………………… | 39 |

## *Реалдык сектор*

### *Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь*

( миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***287533,6*** | ***235161,0*** | ***94,5*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***128555,3*** | ***52403,8*** | ***48,0*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 114590,6 | 46582,0 | 44,8 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 13828,8 | 5821,8 | 130,0 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 135,9 | - | - |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***72152,4*** | ***78357,5*** | ***111,5*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 35570,4 | 42131,4 | 113,5 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 35570,4 | 42131,4 | 113,5 |
| -тамеки өндүрүү | - | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 3408,4 | 2984,0 | 82,4 |
| -текстил өндүрүшү | 315,4 | 332,4 | 103,5 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 3057,3 | 2615,9 | 75,8 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 35,7 | 35,7 | 100,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 2482,4 | 2259,3 | 123,1 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 2412,9 | 2188,8 | 123,3 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 69,5 | 70,5 | 90,7 |
| 4. Химия өндүрүшү | 9845,9 | 9864,3 | 144,4 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 10824,5 | 10328,7 | 55,8 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 2494,4 | 3106,5 | 123,0 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | | | |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 7526,4 | 7683,3 | 98,8 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***81165,1*** | ***97950,2*** | ***121,3*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***5660,8*** | ***6449,5*** | ***118,7*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү
январь (миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***287533,6*** | ***235161,0*** | ***94,5*** | ***94,5*** |
| Электр энергиясыз райондор: | 206368,5 | 137210,8 | 85,6 | 85,6 |
| Баткен | 6902,3 | 3659,7 | 80,5 | 80,5 |
| Кадамжай | 114874,0 | 42069,5 | 43,5 | 43,5 |
| Лейлек | 23121,9 | 16532,8 | 120,0 | 120,0 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 83712,7 | 102548,6 | 120,0 | 120,0 |
| Электр энергиясыз | 2547,6 | 4598,4 | 103,6 | 103,6 |
| Кызыл-Кыя | 20565,9 | 22002,0 | 102,9 | 102,9 |
| Сүлүктү | 38356,8 | 48348,4 | 115,6 | 115,6 |

***Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү***

| | Өлчөө бирдиги | 2019 | 2020 | 2020ж. январь-айы 2019ж. январь айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь | | |
| Таш көмүр | тонна | 50066,0 | 22418,3 | 44,8 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 360,0 | - | - |
| Бут кийим | жуп | 94,0 | 94,0 | 100,0 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 35,2 | 62,7 | 178,1 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | - | - | - |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 584,7 | 615,3 | 105,2 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 9,8 | 9,4 | 95,9 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 716,0 | 716,5 | 100,1 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 6112,4 | 6268,3 | 102,6 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | |
| Сымап | % | - | - | 144,4 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 288,6 | 296,7 | 102,8 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 115,8 | 101,7 | 87,8 |
| Кондитер азыктары | тонна | 44,6 | 46,0 | 103,1 |
| Килемдер | даана | 12,0 | 12,0 | 100,0 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | - | 3,4 | - |
| Балмуздак | тонна | 0,4 | 0,5 | 125,0 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 3186,0 | 1947,0 | 61,1 |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 2003,0 | 2026,0 | 101,1 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 1,0 | 1,3 | 130,0 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 35131,9 | 42618,0 | 121,3 |

***Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү***

2020-жылдын январь

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***50066,0*** | ***22418,3*** | ***44,8*** | ***360,0*** | ***-*** | ***-*** | ***35,2*** | ***62,7*** | ***178,1*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 920,0 | 759,6 | 82,6 | 360,0 | - | - | 5,0 | 5,0 | 100,0 |
| Кадамжай | 30716,0 | - | - | - | | | - | 27,5 | - |
| Лейлек | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 10,0 | 10,0 | 100,0 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 20,2 | 20,2 | 100,0 |
| Сүлүктү | 18430,0 | 21658,7 | 117,5 | - | - | - | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***716,0*** | ***716,5*** | ***100,1*** | ***584,7*** | ***615,3*** | ***105,2*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 13,0 | 13,0 | 100,0 | 454,2 | 454,2 | 100,0 |
| Кадамжай | 297,7 | 299,7 | 100,7 | 108,5 | 124,8 | 115,0 |
| Лейлек | 75,0 | 75,0 | 100,0 | 22,0 | 36,3 | 165,0 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 42,3 | 43,0 | 101,7 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 238,0 | 235,8 | 99,1 | - | - | - |
| Сүлүктү | 50,0 | 50,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***44,6*** | ***46,0*** | ***103,1*** | ***9,8*** | ***9,4*** | ***95,9*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 3,5 | 3,5 | 100,0 | 3,0 | 3,0 | 100,0 |
| Кадамжай | 2,7 | 2,7 | 100,0 | 3,6 | 3,1 | 86,1 |
| Лейлек | 15,2 | 15,4 | 101,3 | 3,2 | 3,3 | 103,1 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 3,0 | 3,0 | 100,0 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 13,2 | 14,4 | 109,1 | - | - | - |
| Сүлүктү | 7,0 | 7,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Тазартылган күрүч, тонна*** | | | ***Балмуздак, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***115,8*** | ***101,7*** | ***87,8*** | ***0,4*** | ***0,5*** | ***125,0*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 33,3 | 33,3 | 100,0 | - | - | - |
| Кадамжай | 47,0 | 32,7 | 69,6 | 0,4 | 0,5 | 125,0 |
| Лейлек | 35,5 | 35,7 | 100,6 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - |
| Сүлүктү | - | - | - | - | - | - |

Таблица 5. Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү
январь (тонна)

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|
| Эт (тирүүлөй салмакта) | 2317,9 | 2325,0 | 100,3 |
| Сүт | 4856,6 | 4877,6 | 100,3 |
| Жумуртка, мин даана | 499,3 | 501,4 | 100,4 |

Таблица 6. Аймактар боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү.
январь (тонна)

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эт (тирүүлөй салмакта) | | | Сүт | | |
